М.М.Адышев атындагы

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

“Макулдашылды”
М.М.Адышев атындагы
ОшТУнун профкому
төрайымы
Б. Тиленбаева
_______________
“___” _________ 20__-ж

“Бекитемин”
М.М.Адышев атындагы
ОшТУнун ректору,
т.и.д., доцент
Ж.Ж.Дөөлөтбаев
_______________
“___” _________ 20__-ж

М.М.АДЫШЕВ атындагы ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНДЕ
ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУКТУ ЖАНА

ЭМГЕКТИ КОРГООНУ УЮШТУРУУ ТУУРАЛУУ

# ЖОБО

Ош ш.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана эмгек коопсуздук стандарттары системасынын, эмгек коопсуздугун окутууну уюштуруунун негизинде иштелип чыкты. Жобо эмгекти коргоо боюнча окуудан жана нускамадан өтүүгө тийиш болгон жетекчилерге, кызматкерлерге, инженердик-техникалык кызматкерлерге жана университеттин студенттерине арналат. Бул Жобо М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде билим берүү процессин жүргүзүү мезгилинде эмгекти коргоо боюнча нускама инструкция (инструкция ) өткөрүү тартибин жана талаптарын белгилейт.
2. Ушул Жободо камтылган эмгекти коргоо боюнча талаптар кызматтагы бардык жетекчилерге жана кызматкерлерге, ошондой эле университеттин профессордук-окутуучулук курамына жана студенттерине тиешелүү.
3. Окуу процессин уюштурууда жана өткөрүүдө КР Эмгек Кодексинин, КР "Эмгекти коргоо жөнүндө" Мыйзамынын, ушул Жобонун жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптары сакталууга тийиш.
4. Ушул Жобонун, конкреттүү эмгек шартын эсепке алган башка ченемдик укуктук актылардын негизинде, эмгекти коргоо боюнча нускамалар иштелип чыгат жана кабыл алынат.
5. Эмгекти коргоо боюнча нускамалар эмгекти коргоо боюнча нускамаларды иштеп чыгуу, макулдашуу жана бекитүү тартибине ылайык иштелип чыгат.
6. Эмгекти коргоо абалын көзөмөлдөөнү университеттин ректору жана Эмгек жөнүндө КР мыйзамдарынын сакталышына профсоюздардын коомдук көзөмөл жүргүзүү тартибине ылайык, профсоюз комитети, ошондой эле университет баш ийген уюм, КР мыйзамдарына ылайык, көзөмөл жана контроль жүргүзүүчү мамлекеттик атайын ыйгарым укуктуу орган ишке ашырат.
7. Университеттин администрациясы окуу процессин уюштуруу мезгилиндеги коопсуздукту, ошондой эле жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарын натыйжалуу эксплуатациялоону камсыз кылат.
8. Ушул Жобонун талаптарын, эмгек шартынын коопсуздугун камсыздоону сактоочу башка ченемдик укуктук актыларды бузган жактар КР мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

## 2. ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК БОЮНЧА ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ

2.1.Эмгекти коргоо талаптарын сактоону камсыз кылуу, өндүрүштүк ишти жүзөгө ашыруучу, кызматкердин саны 50дөн ашкан ар бир уюмда, анын аткарылышына контроль жүргүзүү масатында, эмгекти коргоо кызматы түзүлөт же эмгекти коргоо боюнча тиешелүү даярдыктан өткөн же ушул тармакта иш тажрыйбасы бар адистин кызматы киргизилет.

2.2.Университетте эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча контролдоо иштерин уюштуруу жана аткаруу үчүн эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча башкы инспектор кызматы киргизилген (мындан ары - ЭК жана ТК).

2.3.Университетте эмгекти коргоо боюнча ишти уюштуруу тартиби анын Уставына, Ички эмгек тартибинин эрежелерине, Эмгекти коргоо кызматы жөнүндөгү Жобонун талаптарына ылайык, кызматтык нускамалар менен аныкталат.

## 3. ЭК ЖАНА ТК МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Университетте эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздукту уюштуруу жана координациялоо.

3.2. Университеттин кызматкерлеринин жана студенттеринин ЭК жана ТК боюнча мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды сактоосун контролдоо.

3.3. Өндүрүштүк жаракатты, кесиптик-өндүрүштүк шарттагы ооруларды алдын алуу жана эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча профилактикалык иштерди өркүндөтүү.

3.4. Кызматтык жактарга, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерине эмгек коргоо жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча кеңештерди консультация (консультация) берүү.

## 4. ЭК жана ТК УЮШТУРУУГА ЖООПТУУ БОЛГОН ЖАКТАРДЫН ИШ МИЛДЕТТЕРИ

4.1. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздуктун талаптарына жооп берүүчү жумуш орундарынын өндүрүштүк жабдууларынына сертификацияларды жана аттестацияларды уюштуруу, өткөрүү боюнча университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнө жардам көрсөтүү.

4.2. Кызматкерлерге жана студенттерге жумуш орундарындагы шарттар жана эмгекти коргоо, ден соолугуна зыян келтирүүчү тобокелдиктердин бар экендиги, аларга каралуучу компенсациялар жана жеке коргонуу каражаттары, эмгек шарттары боюнча компенсациялар жана жеңилдиктер тууралуу маалымат берүү.

4.3. Өндүрүштөгү кырсыктын натыйжасында кызматкердин ден соолугуна келтирилген зыянга карата төлөмдөр боюнча документтерди даярдоого катышуу.

4.4.Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен биргеликте өндүрүштөгү кырсыкты алдын алуу, эмгек шарттарын жакшыртуу жана аларды эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздуктун талаптарына жооп бергендей абалга келтирүү боюнча иш-чараларын иштеп чыгуу, ошондой эле пландалган иш-чаралардын аткарылышын уюштуруу боюнча жардамдарды көрсөтүү.

4.5. Университеттин Жамааттык келишиминдеги "Эмгекти коргоо" бөлүгүн түзүүгө катышуу, эмгекти коргоо боюнча макулдашуу.

4.6.Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздуктун талаптары камтылган университетте иштелип чыккан долбоордук документтерди макулдашуу.

4.7.Кызматкерлер жана студенттер милдеттүү түрдөгү алдын ала (жумушка жана окууга кирүүдө) жана мезгилдик (иштеген мезгил аралыгындагы) медициналык кароодон өтүүгө тийиш болгон кесиптердин жана кызматтардын тизмесин түзүүдө университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жардам көрсөтүү.

4.8.Эмгекти коргоо боюнча нускама иштеп чыгууга керектелүүчү "Эмгекти коргоо боюнча эрежелерди жана нускамаларды иштеп чыгуунун усулдук көрсөтмөсүн" колдонуп, кесиптердин жана жумуштун түрлөрүнүн тизмесин түзүү.

4.9.Жаңы жумушка кабыл алынгандарга, иш сапарына жөнөтүлгөндөргө, өндүрүштүк окууга жана практикага келген окуучуларга жана студенттерге

эмгекти коргоо боюнча баштапкы түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана программа иштеп чыгуу.

4.10. Төмөнкүдөй документтердин долбоорлорун макулдашуу:

- Кызматкерлер үчүн жумушту коргоо боюнча нускамасын;
- Жумуштун коосуздук стандарттары системасын;
- Жумуш ордунда алгачкы түшүндүрүү иштеринин программаларын;

4.11. Университеттин кызматкерлеринин эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча билимдерин текшерүүчү комиссиянын ишине катышуу.

4.12. Университеттин бөлүмдөрүн эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук эрежелери, ченемдери, плакаттар жана башка көргөзмө куралдар менен камсыз кылуу, ошондой эле аларга тийиштүү маалыматтык дубалга тагуучу жабдууларга усулдук жардам көрсөтүү.

4.13. Белгиленген мөөнөт жана форма боюнча эмгекти коргоо тууралуу отчет түзүү.

4.14. Төмөнкүлөрдү текшерүү (контроль) жүргүзүү:

- эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоого;
- эмгекти коргоо талаптарына ылайык, эмгек шартынын ар бир жумуш ордунда болушуна;
- жеке коргонуу каражаттарын туура колдонууга;
- кызматкерлер үчүн эмгекти коргоо боюнча нускама иштеп чыгууга жана колдонууга;
- Кызматкерлердин иштөө жана эс алуу режимдери КР мыйзамдарына ылайык келүүсүнө;
- Белгиленген ченемдерге ылайык, кызматкерлерге атайын кийимдердин, атайын бут кийимдердин жана башка жеке коргонуу каражаттарынын бекер берилишине;
- Кызматкерлердин эмгекти коргоо боюнча билимдерин текшерүүгө жана окутууга, түшүндүрүү иштерине; эмгекти коргоо талаптары боюнча билимдери жок, түшүндүрүү иштеринен жана окуудан өтпөгөн жактарды жумушка киргизбөөгө;
- Жумуш орундарындагы эмгек шартынын абалын, ошондой эле кызматкерлердин эмгекти коргоо талаптарынын сакталышын текшерүүгө жана уюштурууга;
- Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аттестациялоодон өткөрүүгө;
- Кызматкерлерди жана студенттерди милдеттүү түрдөгү алдын ала (жумушка жана окууга кирүүдө) жана мезгилдик медициналык кароодон өткөрүүгө;
- Өндүрүштөгү кырсыкты каттоо жана иликтөө тартиби жөнүндө жобонун сакталышына;
- Жамааттык келишимдин "Эмгекти коргоо" бөлүгүндөгү иш-чаралардын, эмгекти коргоо боюнча макулдашуулардын аткарылышына, кырсыкка алып келүүчү (Н-1 формасындагы актыдагы) себептерди болтурбоого, мамлекеттик көзөмөл жана контролдоо органдарынын сунуштамаларына, коопсуз жана зыянсыз эмгек шарттарын түзүү боюнча башка иш-чараларга;
- Эмгекти коргоо боюнча нускама иштелип чыгууга тийиш болгон кесиптердин жана жумуштун түрлөрүнүн тизмесине ылайык, кызматкерлер үчүн эмгекти коргоо боюнча бөлүмдөрдө нускаманын бар экендигине, аны өз мезгилинде карап чыгуусуна;
- Желдетүүчү системалардын иштөөсүнүн натыйжалуулугуна;
- Коосуздук куралдарынын жана коргонуучу каражаттардын абалына;

- Окуулардын өз мезгилинде жана саппаттуу өткөрүлүшүнө, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча билимдерди текшерүү жана түшүндүрүү иштеринин бардык түрлөрүнө;
- Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча иш-чаралардын аткарылышы үчүн университеттин бөлүмдөрүнө бөлүнгөн каражаттардын туура чыгымдалышына.

4.15. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча жаңы ишке киргизилген мыйзмдар жана башка ченемдик укуктук актылар жөнүндө университеттин кызматкерлерине маалымат берүү.

4.16. Белгиленген ченемдик укуктук актыларда көрсөтүлгөн мөөнөткө ылайык, документтердин сакталышын уюштуруу (Н-1 формадагы акт жана өндүрүштөгү кырсыктарды иликтөө боюнча башка документтер, зыян келтирүүчү жана кооптуу өндүрүштүк факторлордун параметрлерин ченеген протоколдор, жумуш орундарын аттестациялоо жана сертификациялоо материалдары ж.б.).

4.17. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча кызматкерлердин каттарын, арыздарын жана даттануулерын кароо жана иликтөөдө аныкталган ката-кемчиликтерди жоюу боюнча администрацияга (бөлүмдөрдүн жетекчлерине) сунуштарды даярдоо, ошондой эле арызданууччуларга жоопторду даярдоо.

4.18. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча иш кабинеттерин уюштуруу.

4.19. Университетте эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча ички дубал гезиттерди, витриналарды ж.б. колдонуу менен үгүттөө жана маалыматтык иштерин уюштуруу.

## 5. ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК БОЮНЧА КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН ИШ МИЛДЕТТЕРИ

5.1.Эмгекти коргоо боюнча белгиленген эрежелердин, ченемдердин жана нускамалардын талаптарын сактоо;

5.2. Жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонуу;

5.3.Эмгекти коргоо талаптары боюнча түшүндүрүү иштеринен, окуудан жана билимдерин текшерүүчү сынактардан өтүү.

5.4. Элдин ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаратуучу ар кандай кырдаалдар, өндүрүштө болгон ар бир кырсык жөнүндө жана жеке ден соолугунун начарлашы тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине (деканатка) же университеттин администрациясына токтоосуз түрдө кабарлоо.

5.5. Милдеттүү түрдөгү алдын ала (жумушка жана окууга кирүүдө) жана мезгилдик медициналык кароодон өтүү.

Техникалык коопсуздук жана
эмгекти коргоо боюнча башкы инспектор А.М. Токтосунов